**Мирбек Иманбеков — Сүйүктүүм**

*Сөзү : Качкынбаева К.*
*Обону : Өктөм Сапар уулу*

Көңүлдүн көрүнбөгөн жолдорунда,
Көмүлүп жаттың санаа, ойлорумда.
Көз ачып наристедей ойгоносуң,
Көлкүлдөп сагынычым ашып, толгонумда.

Кайырма:
Сүйүктүүм, сүйүктүүмсүң,
Сезсеңчи сүйүү күчүн.
Серпилсе канатым,
Жетпедим, аны түшүн.

Бар экен дале жалын карегиңде,
Башканын мага, жаным, кереги не?
Маңдайга жазылбаган махабатым,
Жашайсың ыр сабында, дале калемимде.

Кайырма: